# BLACKBERRY ОНЛАЙН ЖАМААТ СТАНДАРТТАРЫ

BlackBerry биздин BBM Channels-быз сыяктуу онлайн жамааттарыбыз жана кызматтарыбыз эл ойлорун жана маалыматын санаалаштары менен бөлүшө турган шаттуу жана коопсуз жер болушуна умтулат. Биз колдонуучуларыбызга жылуу-жумшак шарт түзүп беришибиз үчүн колдонуучулардын өз ара аракеттениши төмөнкү стандарттарга жооп бергендей жолго коюлушу маанилүү:

1. **Сый болуңуз.** Башкаларга жалаа жаап, кемсинтип, тийишип, коркутуп-үркүтүп, куугунтуктап, зыян келтирип же дагы башка жол менен мыйзамдуу (купуялык жана ачыктык укуктары, ошондой эле келишим же интеллектуалдык менчик укуктары сыяктуу) укуктарын бузбаңыз;

2. **Сылык болуңуз.** Жөнсүз, шек келтирүүчү, укук бузуучу, уят, одоно же мыйзамга туура келбеген тема, ат, материал же маалымат жарыялабаңыз, жайгаштырбаңыз, жүктөбөңүз, таратпаңыз же жайбаңыз;

3. **Мыйзамды сыйлаңыз.** Эч кандай тиешелүү мыйзамдарды же ченемдерди бузбаңыз, же тыңчыжабдык, бузукжабдык, вирус же кызматты үзгүлтүккө учурата турган же башкаларга зыян келтирүүчү нерселерди жайгаштырып же жөнөтпөңүз;

4. **Чынчыл болуңуз**. Эч кимдин же эч кандай уюмдун атынан чыкпаңыз, же бир кишиге же уюмга тиешеңизди калп айтып же дагы башкача көрсөтпөңүз, же башкаларды туура эмес жолго салуу үчүн, же башкаларга күтүлбөгөн, алдаган же адилетсиз натыйжа алып келүүчү калп жекелик түзбөңүз; жана

5. **Орду менен жазыңыз**. “Спамдап” же башкалардын макулдугусуз, анын ичинде кайра-кайра жазып, же бирдей жазууларды көп жолу жайгаштырып, же талкууга тиешеси жок мазмунду жазып тынчын албаңыз.

Биздин стандарттар колдонуучуларга кызыктуу, баалуу, чыгармачыл жана, эң башкысы, жагымдуу тажрыйба жаратуу максатыбызды көздөөгө жардам берүүгө арналат.